УДК 373.3
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-209-214

**МЕҢДИБАЕВА Н.М.**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
**МЕНДИБАЕВА Н.М.**
Ошский государственный педагогический университет
**MENDIBAEVA N.M.**
Osh State Pedagogical University
ORCID: 0009-0008-9423-4647

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУДА ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

# ПРЕИМУЩЕСТВА РАБОТЫ С ТЕКСТАМИ ПРИ ИНТЕГРИРОВАННОМ ОБУЧЕНИИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

# ADVANTAGES OF WORKING WITH TEXTS IN INTEGRATED LEARNING IN PRIMARY SCHOOL

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада башталгыч мектепте интеграциялап окутууда тексттер менен иштөөнүн бүгүнкү күндөгү артыкчылыктары каралган. Интеграцияланган сабактарда тексттерди колдонуу окуучулардын окуу көндүмдөрүн, критикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Интеграцияланган окутуу предметтик жана предметтер аралык байланышты бекемдейт, ошондой эле башталгыч мектепте окуу, жазуу, математика, тил жана башка сабактарды өздөштүрүүдө балдар адабиятынын кеңири мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен шартталат. Ар кандай жанрда жана форматта түзүлгөн балдар китептерин пайдалануу бардык предметтер боюнча окуп-үйрөтүлгөн материалдарды жана темаларды өздөштүрүүсүн күчөтөт. Тексттер аркылуу окуучулар ар кандай предметтердин ортосундагы байланыштарды көрүп, дүйнөнү бүтүн кабыл алышат. Макалада тексттер менен иштөөнүн ар кандай ыкмалары жана стратегиялары, ошондой эле интеграцияланган сабактарда тексттерди колдонуунун практикалык мисалдары келтирилет. Бул макаланын максаты башталгыч мектептин мугалимдерине интеграцияланган сабактарда тексттерди колдонуунун артыкчылыктарын көрсөтүү жана аларга практикалык жардам болуп саналат. Интеграцияланган сабактарда тексттерди колдонуу окуучулардын билим сапатын жогорулатууга, алардын окууга болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет.

**Аннотация:** В данной статье рассмотрены современные преимущества работы с текстами при интегрированном обучении в начальной школе. Использование текстов на интегрированных уроках помогает учащимся развивать навыки чтения, критическое мышление и творческие способности. Интегрированное обучение усиливает предметные и межпредметные связи, чему способствует использование широкой палитры детской литературы при освоении чтения, письма, математики, языка и других предметов в начальной школе. Использование детских книг, созданных в различных жанрах и форматах, способствует усвоению изучаемых материалов и тем по всем предметам. Через тексты учащиеся видят связи между разными предметами и воспринимают мир в целом. В статье представлены различные методы и стратегии работы с текстами, а также практические примеры использования текстов на интегрированных уроках. Цель данной статьи – показать учителям начальных классов преимущества использования текстов на интегрированных уроках и оказать им практическую помощь. Использование текстов на интегрированных уроках помогает улучшить качество знаний учащихся и повысить их интерес к обучению.

**Abstract:** This article examines the modern advantages of working with texts in integrated learning in primary school. Using texts in integrated lessons helps students develop reading skills, critical thinking, and creativity. Integrated learning strengthens subject and interdisciplinary connections, which is facilitated by the use of a wide range of children's literature in mastering reading, writing, mathematics, language, and other subjects in primary school. The use of children's books created in various genres and formats contributes to the assimilation of the studied materials and topics in all subjects. Through texts, students see the connections between different subjects and perceive the world as a whole. The article presents various methods and strategies for working with texts, as well as practical examples of using texts in integrated

lessons. The purpose of this article is to show primary school teachers the advantages of using texts in integrated lessons and to provide them with practical assistance. Using texts in integrated lessons helps improve the quality of students' knowledge and increase their interest in learning.

**Негизги сөздөр:** интеграцияланган окутуу; тексттер менен иштөө; башталгыч мектеп; окуу көндүмдөрү; критикалык ой жүгүртүү; чыгармачылык.

**Ключевые слова:** интегрированное обучение; работа с текстами; начальная школа; навыки чтения; критическое мышление; креативность.

**Keywords:** integrated learning; working with texts; primary school; reading skills; critical thinking; creativity.

Глобалдашуу мезгилде окутуунун, жалпы эле таалим-тарбиянын мазмунун компетенцияларга негиздеп аныктоого көңүл бурулуп, таалим-тарбия процессинин өзү аныкталган компетенцияларды калыптандырып, өркүндөтүүгө багытталып жүргүзүлө баштады. Бул иш-аракеттер айрым алгылыктуу натыйжаларды берүү менен бирге эле окутулуп жаткан предметтер боюнча ээ болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрдү бир бүтүндүккө, бир системага бириктирип, интеграциялоонун керектигин да айкын көрсөттү. Бирок билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келген дүйнөлүк өнүгүүнүн жалпы тенденцияларын эске албастан заманбап билим берүүгө мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес, анткени билим берүү чөйрөсүнө таасир эткен негизги факторлор — маалымат агымдарынын көлөмүнүн жана интенсивдүүлүгүнүн өсүшү, инновациялык процесстердин кеңейиши, илимий-техникалык прогресстин ылдамдыгы жана жашоо шарттарынын динамикалуу өзгөрүүсү болуп саналат [7].

Билим берүү системасындагы заманбап өзгөрүүлөр окутуунун жаңы усулдарын жана стратегияларын иштеп чыгууну талап кылат

Башталгыч мектепте интеграциялап окутуу билим берүү предметтеринин өз ара байланышын камсыз кылып, окуучуларга комплекстүү түшүнүк берет. Бул методологиянын алкагында тексттер менен иштөө өзгөчө мааниге ээ, анткени ал окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, маалыматты талдоо жана синтездөө жөндөмүн жакшыртууга жардам берет.

Интеграциялык билим берүү боюнча бир катар окумуштуулар жана педагогдор изилдөөлөр жүргүзүп, анын маңызы жана натыйжалуулугу жөнүндө өз пикирлерин билдиришкен. Айрым белгилүү изилдөөчүлөрдүн көз караштарына токтолуп өтөлү. Америкалык философ жана педагог Джон Дьюи интеграцияланган билим берүүнүн негизги жактоочуларынын бири болгон. Ал билим берүү турмуш менен тыгыз байланышта болушу керек деп эсептеп, окуучулар теориялык билимди практикалык жашоо менен айкалыштыруу аркылуу жакшы өздөштүрө аларын белгилеп, «Билим берүү – бул жашоого даярдануу гана эмес, жашоонун өзү», - деген тыянакка келген.

Советтик психолог жана педагог Лев Выготский билим берүүдө социалдык жана маданий контексттин маанилүүлүгүн белгилеп, интеграциялык окутуунун социалдык таасирин изилдеген. Анын "Жакынкы өнүгүү зонасы" (Zone of Proximal Development, ZPD) концепциясы интеграцияланган окутууда мугалимдер менен окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнүн маанилүү экенин көрсөтөт. Ал: «Окуу – бул өнүгүүнү пайда кылган негизги процесс»,-деп айткан.

Советтик педагог-изилдөөчү Г. И. Щукина интеграцияланган билим берүү окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырарын белгилеп, бул ыкманын мотивациялык жактарын изилдеп, «Интеграцияланган окутуу окуучунун изденүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирет», - деп белгилеген.

Демек, интеграцияланган билим берүү боюнча окумуштуулардын пикири бир багытка келип такалат: билим берүү системасы окутууну турмуш менен байланыштырууга, ар кандай предметтерди айкалыштырууга жана окуучулардын интеллектуалдык, социалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Бул идеяларды иш жүзүндө колдонуу заманбап билим берүү системасында маанилүү орунду ээлейт.[2]

Интеграция – бул окуучуларга үйрөнгөндөрүн ырааттуу бүтүндүккө бириктирүүгө мүмкүндүк берген окутуу стратегиясы, б.а. окуучуларга жаңы билимди мурунтан билгендери (мурунку билимдери) жана колунан келгендери менен байланыштырууга жардам берген окутуу стратегиясы. [6]


Интеграцияланган окутуу – бул айрым предметтер боюнча билимдерди бирдиктүү бүтүндүккө айкалыштырган система, анын негизинде балдардын дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуусу калыптанат.

Демек, интеграцияланган сабак - (лат. integratio –бүтүнгө бириктирүү) –бири-бири менен байланышы бар окуу материалдарын окуучулардын аң-сезиминде бир бүтүн системага келтирүүгө арналган сабактын түрү.[6]

Интеграциялап окутуу – бул ар кандай предметтерди айкалыштыруу менен билим берүүнүн натыйжалуулугун арттырууга багытталган метод. Бул стратегия төмөнкү максаттарды көздөйт:

- Оку... билим алуу...
- Теор... айкалышты...
- Көркөм текстерди, маалыматтык тексттерди жана илимий-популярдуу материалдарды бириктирүү аркылуу окуучулардын маалыматты кабыл алуу жөндөмүн жакшыртуу.[3]

Демек, тексттер менен иштөө сабактагы иштин жана окуучулардын өз алдынча класстан тышкаркы иштеринин негизги түрлөрүнүн бири экендиги белгилүү. Тексттер менен иштөө көндүмү мектеп окуучусуна керек болгон көндүмдөрдүн бири, анткени биринчи класста эле окуучу маалымат издөө, анализдөө жана колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтүшү керек. Дал у...ул текст менен иштөө окуу жана түшүнү... көндүмүн гана ...у эмес, кеп ...ердүүлүгүнүн ...өз ара байл...та окутууну ...х...




**1-схема. Интеграцияланган сабактарда тексттин ролу**

Бул эмне үчүн маанилүү? Башталгыч мектепте окуу китептеринде сунушталган бардык маалыматтар алдын ала мугалим тарабынан айтылып жана түшүндүрүлүп, андан соң гана бышыктоо иретинде окуучуларга окуп чыгууга берилип жаткандыгы белгилүү. Бул окуучулардын окуу китеби менен иштөөнүн натыйжасында өз алдынча билимди таап чыгууга эмес, аны мугалимдин жардамы менен гана алууга көнүп калуусуна алып келет [1].

Демек, сабакта ар түрдүү типтеги тексттер менен иштөө окуучуларга тексттерден түрдүү маалыматтарды табууга, аны түшүнүүгө жана анализдөөгө, окуганын интерпретациялоого жана баалоого үйрөтүүгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, тексттер менен иштөөнүн негизинде окуучулардын

окуу сабаттуулугун калыптандыруу жатат (функционалдуу сабаттуулук), ал окуучлуралдын тексттерде түрдүү маалыматты табууга үйрөнүүсүнө мүмкүндүк берет, аны окуу милдеттерин чечүүдө да, жашоодо да колдоно алуусун болжолдойт. Окуу сабаттуулугу текстке жана тексттен тышкаркы билимдерге таянуу аркылуу калыптанат, бул өз кезегинде төмөнкү көндүмдөрдү өнүктүрөт: маалыматты табуу жана бөлүп алуу, аны түшүнүү жана чечмелөө, талдоо, баалоо [1].

Мына ушуга таянып интеграциялап окутууда тексттер менен иштөөнүн бир нече артыкчылыктарын карап көрөлү:

1. Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Окуучулар ар кандай тексттерди окуу, салыштыруу, талдоо жана корутунду чыгаруу аркылуу ой жүгүртүүсүн активдештирет. Бул алардын маалыматты иштеп чыгуу жана логикалык байланыштарды түзүү жөндөмүн жакшыртат.
2. Сабаттуулукту жана тилдик жөндөмдөрдү жакшыртат. Ар кандай сабактар боюнча тексттерди окуу жана талдоо окуучулардын сөз байлыгын өстүрүп, тилдик компетенттүүлүгүн арттырат. Ошондой эле, жазуу жана сүйлөө жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.
3. Түшүнүүнү жана эс тутумду жакшыртат. Интеграцияланган окутууда окуучулар бир эле теманы ар кандай предметтердин алкагында изилдегендиктен, маалыматтар бекем сакталат. Мисалы, «суу» темасын экология, адабият жана математика сабактарында ар тараптуу караганда, окуучулардын түшүнүгү тереңдеп, узак мөөнөткө эсинде калат.
4. Окуучулардын кызыгуусун арттырат. Тексттер менен иштөөдө ар кандай усулдардын (диалогдук окуу, кластердик талдоо, концептуалдык карталар) колдонулушу сабакка болгон кызыгууну арттырат. Мындай ыкма окуучулардын активдүү катышуусуна шарт түзүп, билим алууга болгон мотивациясын жогорулатат.
5. Ийкемдүү ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандырат. Окуучулар ар кандай маалымат булактарын колдонуп, аларды салыштырып, ар тараптуу карап үйрөнүшөт. Бул ийкемдүү жана чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт [4].

Бирок, тексттерди белгилүү бир категориялар же критерийлер менен так ажыратуу мүмкүн эмес, анткени бир эле текст түрдүү белгилерге ээ болуп, бир эле учурда бир нече группаларга тиешелүү болуусу мүмкүн, методикалык максатта PISA тестин түзүүчүлөр тарабынан иштелип чыккан тексттердин классификациясын колдонуу ыңгайлуу. Алар тексттерди туташ жана туташ эмес деп бөлүшөт.

Туташ тексттерге окуучулар күндөлүк турмушта, анын ичинен мектепте окуй турчу тексттер кирет: сүрөттөө (ырдан, аңгемеден үзүндү, адамды, орунду, нерсени ж.б.), баяндоо (аңгеме, ыр, повесть, тамсил, кат, гезиттен же журналдан макала, нускама, спектаклдин кыскача мазмуну ж.б.), ой жүгүртүү (комментарий, өз пикирине далил келтирүү).

Туташ эмес тексттерге: графикалар, диаграммалар, схемалар, таблицалар, географиялык карталар жана жерлердин карталары, имараттардын пландары, кирүү билеттери ж.б. кирет [3].

Ошондуктан башталгыч мектептин бир катар сабактарында туташ жана туташ эмес тексттер менен иштөө максатка ылайыктуу болот. Төмөндө башталгыч мектептин бир катар сабактарында тексттерди пайдалануу жолдорун карап көрөлү.

Математика сабактарында: тексттик маселелер менен иштөө. Маселени анализдешип, аны аткаруу үчүн тигил же бул иш аракетти тандоонун алдында маселенин берилиши менен маанисинин ортосунда байланыш жүргүзүлөт. Тексттик маселени таблицага, схемага, графикалык моделге айландырат. Маселенин тексти менен иштөөдө мугалим чыгармачыл мамиле жасайт: суроону же шартты өзгөртөт, кошумча суроолорду коёт. Бул окуучунун дүйнө таанымын кеңейтип, аны курчап турган чындык менен байланыштырат [8].

Көркөм өнөр сүрөт чыгармачылыгы сабактарында: өзүнчө эпизоддорду жана чакан чыгармаларды иллюстрациялоо; бир эле текстке карата ар башка сүрөтчүлөрдүн иллюстрацияларын карап чыгуу жана салыштыруу, өздөрү жасаган китептерди иллюстрациялоо, чыгарманын каармандарына болгон мамилесин чагылдыруу үчүн боёкторду колдонуу.

Мекен таануу сабактарында: маанилүү жана маанисиз сабактарды бөлүү,

классификациялоо, илимий тексттеги негизги ойду түшүнүү, байкоолорунун жыйынтыктарын жазуу, кроссворддорду колдонуу. Тарбиялоочу, таануучулук мүнөздөгү көлөмү боюнча чакан тексттер тандалат. Бул баалоо, жыйынтык чыгаруу, өз мисалдарын келтире билүү көндүмдөрүнө таасирин тийгизүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Андан тышкары айлана чөйрө тууралуу билимдери өркүндөтүлөт.

Технология сабагында: тексттин элементтери менен иштөө, энциклопедиялык материал менен иштөө, колго жасалган китептерди даярдоо, топтук чыгармачылык иштер [1].

Ошентип, текст менен иштөө текстти окуп түшүнүү көндүмүн гана өстүрбөстөн, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өз ара байланыштуу окутууну камсыз кылат. Сабактарда туташ жана туташ эмес тексттерди колдонуу окуучуларга тексттеги түрдүү маалыматтарды табууга, окууганын түшүнүүгө, талдоого, интерпретациялоого жана баалоого үйрөнүүгө мүмкүндүк берет.

Ошондуктан, башталгыч мектепте интеграциялап окутуу тексттер менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатат жана окуучулардын билимди ар тараптуу өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Бул усул окуучулардын сабаттуулугун, критикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүп, билим берүүнүн сапатын жакшыртат.

Демек, тексттер менен иштөөнү окутуунун интеграцияланган моделинде кеңири колдонуу зарыл. Башталгыч мектепте интеграциялап окутууда тексттер менен иштөөдө төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот. Тексттер аркылуу ар кандай предметтердин байланышын көрүүгө болот. Мисалы, адабий тексттеги табияттын сүрөттөлүшү аркылуу табият таануу боюнча билимдерди бекемдөөгө болот. Окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары кабыл алууга үйрөнүшөт.

Ой жүгүртүүнүн өнүгүшү: Тексттерди талдоо, андагы маалыматтарды салыштыруу жана жалпылоо окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Окуучулар тексттеги маалыматтардын негизинде өз алдынча тыянак чыгарууга үйрөнүшөт.

Сөз байлыгынын өсүшү: Тексттер аркылуу окуучулардын сөз байлыгы кеңейет, грамматикалык жактан туура сүйлөөгө үйрөнүшөт. Тексттерди окуу, талдоо жана талкуулоо окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрөт.

Кызыгуунун артышы: Интеграцияланган сабактар окуучулар үчүн кызыктуу жана маңыздуу болот, анткени алар окууну практика менен байланыштырып, билимди турмушта колдонууга үйрөнүшөт. Тексттердин ичинен окуучуларды кызыктырган маалыматты табууга болот.

Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу: Ар кандай тексттерди колдонуу менен ар бир окуучунун кызыкчылыгына жана муктаждыгына жооп берүүгө болот.

Демек, башталгыч мектепте интеграциялап окутууда тексттер менен иштөө окуучулардын билим сапатын жогорулатууга, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана окууга болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет. Бул ыкма окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууну натыйжалуу уюштурууга мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Башталгыч мектепте дифференциалдык жана интеграциялык окутуу : USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору. 1–2-модуль.
2. Криволапова, Е. В. Интеграцияланган сабак стандарттуу эмес сабактын формаларынын бири катары // Инновациялык педагогикалык технологиялар : II Эл аралык илимий конференциянын материалдары. Казань, май 2015-ж. Казань, 2015. Б. 113–115.
3. Логвина, И. Формирование навыков функционального чтения : книга для чтения / И. Логвина, Л. Рождественская. Тарту : Tartu Ulikool, Narva Kolledz, 2012.
4. Лямина, В. Н. Интегралдык сабактар окуу предметтерине кызыгууну ойготуу каражаттарынын бири // . 1995. № 11. Б. 21–25.
5. Мендибаева, Н. М. Башталгыч мектепте интеграцияланган сабактар окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүүнүн жана таанып билүү ишмердүүлүгү активдештирүүнүн жолу катары // А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы : илимий-усулдук журнал. 2024. № 1(23). URL: https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/125/101
6. Wikipedia : эркин энциклопедия : сайт. URL: https://ru.wikipedia.org/ 22.03.2026).
7. Калдыбаева, А. Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А. Т. Калдыбаева, Р. Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. 2023. № 2(114). Б. 43–50. DOI: 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50.
8. Математикалык маселелерди чыгаруу жана талдоо, өз чечимдерин талашуу аркылуу окуучулардын критикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү / А. А. Эгамбердиева, С. А. Кабылова, Н. К. Кайдиева, А. К. Эсенканова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. 2024. № 3(119). Б. 270–274. DOI: 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-270-274.


**Рецензент: п.и.к Даминова И.**